УДК :32

Урманбетова Н.

*КУУнин аспиранты*

# АКАДЕМИК В.В БАРТОЛЬДУН КЫРГЫЗ ТАРЫХЫН ҮЙРӨНҮҮГӨ КОШКОН САЛЫМЫ

Урматтуу окурман эгерде сиз Бартольдун жалпы чыгыш элдеринин тарыхына , кыргыз элинин келип чыгышы тууралуу маселесине, кыргыз элинин мамлекети жана коомдук турмушунун, ошондой эле биздин ата-бабабыздын материалдык рухий байлыгына кошкон абдан чоң салымын анын эмгектерин окуу менен бирдикте түшүнсөңүз, анда сиз, Орто Азия тарыхын ыраттуу изилдөөгө негиз салган окумуштуунун алдына койгон максаты ушунча татаал, кандай гана көп кырдуу экенин албетте түшүнө аласыз.

Кытай булактарынан пайдаланган батыш европалык илимпоз сыяктуу эле орус илимпозу В.В. Бартольд чыгыш жана кыргыз элдеринин тарыхына, географиясына XVIII кылымдын экинчи жарымынан баштап, көңүл буруп жана тарыхый чыгармачыларды чагылдыра башталган.

В.В.Бартольдун «Жети-Суу тарыхынын жыйнагы» ушун аймакта байыркы жана орто кылымдардагы саясий тарыхына арналып жазылган эмгек. Аны жазууга автордун 1893-1894 - жылкы Орто Азияга жасалган саякаты түрткү болгон [3]. Бул эмгекте чыгыш кол жазмаларындагы маалыматтар жана жарыяланган атайын адабияттар кеңери пайдаланылган. Мына ушулардын негизине Жетисуу аймагынын тарыхына жетишээрлик деңгээлде мүнөздөмө бирилген. Мына ошондуктан В.В.Бартольд кийинки эмгектеринде маселен атактуу «Түркстан моңголдор доорунун» экинчи бөлүмүндө Жетисуунун көп тарыхый окуяларына өтө кыска токтолуу менен чектелген. Ырас, автордун бул эмгегине кийикн бир топ толуктоолор киргизилген, себеби В.В. Бартольд дүйнөдөн кайткандан кийин, бул аймактагы табылган археологиялык буюмдардын негизинде. Бирок бул маселе боюнча атайын эмгектен адистер кандай көзкараште болсо да В.В.Бартольддун тарыхый очерктери азыркы күнгө дейре Жетисуунун тарыхы боюнча өзүнүн илимий маанисин жоготпостон келе берүүдө.

Чыгыш элдеринин тарыхына өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн арнаган адис О.Каракеев, В.В.Бартольддун Кыргызстандын тарыхый очерки өмүрүнүн акыркы жылдарында жазылган эмгеги экенин эскерип кетет. Автор бул очеркинде мурунтан бери чогулткан жана чыгыш кол жазмаларындагы негизинен араб-перс китептериндеги кол жазмаларды пайдаланган.

В.В.Бартольд бул очеркинин башталышында ОртоАзия элдеринин ичинен «кыргыз» этноними тарыхта биринчи кезигээрин эскерген. Автор бул эмгегинде кыргыздардын байыркы доордон XIX кылымга чейинки негизги тарыхый окуяларын өз ырааты менен жазган окумуштуунун пикири боюнча Енисей кыргыздары ойрот-калмактардын батышка карай биринчи жортуулуна катышы мүмкүн экендигин айтат. Ал эми ойрот-калмактар мурунку көчүп жүргөн жерлерине кайткан мезгилдерде кыргыздар Тяншань тоолорунда калып калышы мүмкүн деген тыянака токтолгон. Автордун башка бир эмгектеринде X, XII, XIII кылымдарда кыргыздардын Тяншанга келгендигин божомолдогон. Эмнеси болсо да, кандай көзкараш пайда болсо да В.В.Бартольд Тяншань кыргыздарынын этногенезин Енисей өрөөнү менен байланыштырган. Бул маселе боюнча В.В. Бартольддон кийин табылган тарыхый маалыматтар, археологиялык материалдардын негизинде кыргыз элинин тарыхына көптөгөн толуктоолор киргизилүүдө.

Белгилей кетчү нерсе, В.В.Бартольд 1985-жылы чет мамлекеттерге командировкага барганында Оксфорддогу китепканадан перс автору Гардизинин «Зайн ал-ахаб» (Азем кабар) аттуу эмгегин колдонуу менен, түрк, элдерине тиешелүү үзүндүсүн отчетуна орусча котормосу менен тиркеген.

Гардизи түркий тилдерге арналган бабында кыргыздарга токтолгон. Автордун

токтолгон маселеси X к. таандык. Ал эми В.В.Бартольддун котормосунда карлук жана ягма урууларына чоң маани бергендиги жана бул урууларга чоң басым жасагандыгы баяндалат. Мисалы: X к. Орто Азиядагы саясий бийлик карлуктардан караханиддерге өтүү жана карлуктар Орто Азиядан Ил суусунун жээктерине жер которуу, ошондой эле бул аймакта алар моңголдор менен кагылышты, карлуктар ушул мезгилдерде күчтүү бекем ягма уруусуна кол салууга мүмкүнчүлүгү жок эле, бул мезгилде, Гардизинин маалыматы боюнча кыргыздар Саян-Алтай Тоо кыркаларынын арт жак этектеринде орун алган деген менен Батыш Тяншань кыргыздары жөнүндө эскерген эмес.

В.В.Бартольддун алгачкы эмгектеринин бири десек да жаңылыштык болбостур, «Орто Азияга илимий максатым менен барганым жөнүндө отчет». Бул эмгегин автор түндүк Кыргызстандын жана Жетисуунун аймагына жасаган археологиялык саякатынын негизинде жазган В.Владимирович анда орто кылымдардагы чыгыш жазуу булактарындагы маалыматтардын негизинде Исфижан, Талас, Чүй, Нарын, Ысыккөл, Иле аралыгындагы жерлер жөнүндө биринчи жолу жараткан тарыхый очерки. Автор жолуктурган же тапкан байыркы шаарлардын, сепилдердин урандыларына археологиялык мүнөздөмө берип, иликтөөсүндө орто кылымдарды авторлордун маалыматтарын пайдаланган. Перс тилиндеги белгисиз автордун «Худуд ал алам» (Ааламдын чектери) аттуу колжазма 972-987-жылдар аралыгында жазылгандыгын тарыхый мааламаттын негизинде билебиз. Билгилей кетчү нерсе, бул эмгекти В.В.Бартольд 1930-жылы жарыялаган. Эмгекте: Кыргыздардын турганына жети жолдун бары тегерете бак сыяктуу, бул жерге үч жол барат, биринчиси тогуз огузга, экинчиси Гамака (же кыпчак) үчүнчүсү куру(фури) элин көздөй кетет. Саздак жерде жашоочу фури элине эки ай жол жүргөндө гана жетээри баяндалат.

Фури эли эч ким менен тиешеси жок. Булардын сүйлөгөндөрүн түшүнүш өтө кыйын. Эң жапайы адамдар десек да болот. Алардын бар мүлкү аңдын териси, кийген кийимдери да андын терисинен. Жаасы жыгачтан жасалган. Тамактанганда аңдын этин жешет. Бул эл эч качан бөлөк элдин кийимин кийбейт жана мүлкүнө да тийбейт. Согуштарда, согушаар алдында үйбүлөсүн ала барышат. Өлгөндөрүн тоого алып барып, чиригенче бактарга асып коюушат жана бул элдер жапайы айбандар сыяктуу деп «Худуд ал аламдан алып В.В. Бартольд жарыялаган»

Эң кызыктуу нерсе, ушул эле маалыматты бул элден алыс эмес жерде Кемид жкет шаарында кыргыз хаканы жашаары айтылат жана ошондой эле кыргыздардын арасында фагинун дегени бар, ар жылдын бир белгилүү күнүндө келип, комузчуларын, кыйакчыларын жыйып, той кылат деген маалыматтар бар. Ушул 1930-жылы жарыяланган эмгегинде В.В.Бартольд бир топ көлөмдүү кириши сөз жазган. Кириш сөзүндө автор «Худуд ал аламдын» мазмунуна токтолуп, караханийлер мамлекетинин негизин түзгөн карлук, тухси, чигил, ягма урууларынын жерлери тууралуу тарыхый географиялык обзор жазган. Мындан тышкары Бартольд В.В. кыргыздар ушул уруулар менен чектеш жашап, Үчтурпан шаарын каратып алгандыгы тууралуу да баяндаган.

В.В.Бартольддун кыргыздар жөнүндө жазгандары башка окумуштуларга караганда адилеттүүрөөк. Анткени анын жазганы фактылары кыргыз жөнүндө айтканы, биздин ата-бабабыздын сөздөрүнө өтө жакын келет.

Белгилеп кетчү нерсе, кытай окумуштуулары кыргыздар жөнүндө жазган, тактап айтканда Ма, Маңли X кылымдын соңундагы таанылуу колжазма «Худуд ал-Ааламда, Мыңгал (Шинжаң – У.Н.) Аксуу районуну мурда тогуз огуздар ийлик жүргүзгөн шаарча болгон. Эми болсо аны кыргыздар ээлеген. Анда дагы айтылышынча, кыргыздар конуштаган жерлердин ирегесинде тогуз огуздар жана башка түркү тилдеш улуттар коңшу жашайт деген. Бул чыгарманын дагы бир жеринде ошол кезде Жетисуу районунда кыргыздардын бир шаары бар, ал шаардагы тургундар кыргыздардын салт-санаасын урунат»,-деп баяндалып олтурат [2].

Мыны ошентип окурман ээзелки кыргыз эли жөнүндө үч миң жылдан бери кабар карт тарыхтын саргарган барактарында кабар берет. «Өткөндү билсең келечигиңдин жолу

ачылат, эскини туурасаң азыркыдан арта калбайсың» - деген ата-бабаларыбыздын нарктуу сөзү бар эмеспи, анысы сыңарындай азыркы жаңы көзкараштагы тарых илими бизге окшогон жаңы ат салуучуларга кулачын жайып тосуп алууга даяр деп ойлоймун.

Кыргыздардын байыркы жазуусун Анвар Байтур: «Кыргыздар жаңы эранын 5-кылымынын баш ченинде 40 тамгалуу жазууну колдонгон», деп карайт. Мындан башка байланыштуу тарыхый эстиликтерге караганда Кыргызстандын Талас өрөөнүнүндө Орхон-Энесай жазуусунун ташка чегилген жазуусу табылган. Кыргыз улуттуу XIV кылымда ислам динине өткөндөн кийин, Орхон-Энесай жазуусунан араб жазуусуна өттү. Ал эми азыркы Алатоо кыргыздары кириль графикасынын тамгаларын негиз кылган жазууну колдонот.

В.В.Бартольдун жазган «Ислам энциклопедиясы» кыргыз эли үчүн өтө маанилүү жана ошондой эле баалуу тарыхый маалыматтарды алууга болот.Белгилей кетчү нерсе, энциклопедияда Баласагун шаарына тиешелүү макаласында мындай делет: Баласагун Орто Азиядагы орду так белгиленбей жаткан шаар.

Белгилей кетчү нерсе, тарых илиминин доктору, профессор, менин сүйүктүү устатым Закирбек Эралиев, Баласагун шаары жөнүндө «Бул шаар жаңыдан түптөлүп, дүркүрөп, өсүп келе жаткан кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн чоң баскычы эсептелген Карахан же кыргыз кагандыгынын борбору болгон. Эң кызыктуу жери акын өзү көчмөн элден болуп, тоо таянып турган Баласагын шаарында туулгандыктанбы, ай тор өз дастанында башын көк муз, ак кар каптаган тоолор, ар бир өзөндөн туптунук, кашка суу аккан, адырларын арча кайың, карагай баскан,тоолорунда аркар- кулжа ойноп, урар үндөп кекилик сайраган, кадимки өтө касиеттүү, кыргыз жергеси сүрөттөлүп, ооз тамшанат, - деп баяндайт [8].

В.В.Бартольдун «кыргыздар» тарыхый очеркин карасак, Тяншань, Энесай кыргыздары жөнүндө баяндап, азыркы учурда чечиле албай, же башкача айтканда тарых илиминде мөңдүрөп, өз ордуна коюлбай турган «Улуу кыргыз Державасын» тезис түрүндө калтырган.

Жетисуу тарыхына арналган очерктерин алсак, кара кытайлар, монголдор, жана бир топ түрк урууларын ичине камтыган.

Мына ошентип, ушундай баалуу маалыматтардын негизинен керектүү кыргыз эли башынан кандай гана оомал-төкмөл замандарды өткөргөндүгүнө күбө боло алдык.

Демек Орто Азияга барганы жөнүндөгү отчётунда, Чымкент, Мавренахр жана Талас, Нарын, Ысыккөл өрөөндөрүн баяндаган экен. Демек, бир да кыргыздардын мамлекети ыдырап хандыгы куласа, айыл чабылса, кара менен ак, жакшылык жана жамандык шайкеш жүргөндөй, Теңир колдоп, журту кайра терилип азамат эрлери чыгып, колун курап, чачылганы бириги, ордосу чогулган уруулар кездешет тура.

В.В. Бартольд бир топ макала рецензияларды жазып «Ислам энциклопедиясына» 246 макала кирген экен. Автордун 400 дөн ашуун илимий эмгектерди жаратты, деп чектей албайбыз, себеби көзү өткөндөн кийин дагы бир топ эмгектери жарык көргөн.

Неси болсо да, абдан толук болуп, азыркы көз караштагы тарых илимине толук жооп бербесе да, кыргыз элинин тарыхын, өз ордуна ылайык тарыхка жооп бермекчи. Ошентип, академик В.В. Бартольд кыргыз тарыхын изилтөөдө өтө чоң салым кошкон окумуштуу.

Ушундай мезгилде анын «Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер» кыргыз тилинде басылып чыкты. Тарыхчы мугалимдер үчүн бул эмгектердин мааниси өтө чоң, анткени окумуштуунун кыргыз тарыхы боюнча ой пикирин, көзкараштарын, илимий тыянактарын, божомолдорун жеткирүү, түшүндүрүп берүү биздин парзыбыз.

**Адабияттар**

1. Караев О.К. Восточные авторы о кыргызах. – Б., 1994 г
2. Караев О.К. Арабские и персидские источники IX – XII веков о киргизах и Киргизии. - Ф., 1968.
3. Бартольд В.В. Соч., - Т. 2.
4. Эсен уулу Кылыч. Древнекыргызское государство. Хагяс. Каганат Кыргыз. - Б., 1994.

5. Ояңшу Суңчи. Жаңы таңтаама кыргыздар караңыз: Кыргыздар, IV китеп, -Б., 1997.
6. Грум-Грижмайло Г.Е. Кыргызы, -Л., 1933 г., с. 176-177.
7. Петров К.И. Очерк происхождения киргизского народа. -Ф., 1963.
8. Эралиев З. Э. Жусуп Баласагын. -Б., 2000.